# Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

# Кадрларды кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу Институту

# Билим берүү программалары:

**Кыргыз Республикасында билим берүүнү уюштуруунун фундаменталдык «Билим берүү процессинин системалуулугу жана үзгүлтүксүздүгү» принцибине ылайык (Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын 4-беренеси) КУУнун Кадрларды кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу институтунда төмөнкүдөй билим берүү программалары ишке ашырылууда:**

- **Жалпы орто билим берүү программасы (ЖОЖго чейинки даярдоо);**
- **Кесиптик кошумча билим берүү программасы (жогорку кесиптик билимдин базасында);**
- **Магистерлерди даярдоо жана кошумча кесиптик билим берүү программасы;**
- **Кадрлардын квалификациясын жогорулатуу программасы.**

**Миссиясы:**

өзүнүн практикалык ишмердүүлүгүнүн ар кандай түрлөрү менен эрезеге жеткендерди даярдоо жана кайра даярдоо; ар бир адамга өзүнүн кесиптик жашоосунун этабында анын таанып-билүү жана руханий керектөөлөрүн канааттандырууга реалдуу мүмкүнчүлүк берүү, анын социалдык-кесиптик статусунун туруктуу өсүшүн камсыз кылуу.

**Көрүнүшү:**

Иш берүүчүлөрдүн институтта даярдалган адистерге болгон керектөөлөрүн толугураак канааттандырууну камсыз кылуу жана иш-аракеттердин, уюштуруучулуктун системасын бириктирген өзгөчө социалдык инфраструктурага айланышы үчүн билим берүү кызматтарын көрсөтүүнүн ачык жана айкын системасын түзүү; түзүмдөрүн жана башкаруу механизмдерин, ошондой эле адамдын кесиптик ишмердүүлүгүнүн белгилүү бир чөйрөсүнүн туруктуу өнүгүшүн камсыз кылуу.

**Бакалавр квалификациясын ыйгаруу менен бакалавр даражасы тууралуу диплом менен тастыкталган, окуу мөөнөтү 2 жыл 6 ай болгон жогорку билимдин базасында кайра даярдоо багыттары:**

- **580100 Экономика;**
- **550300 Психология;**
- **530500 Юриспруденция;**
- **550700 Педагогика.**

***Окуу мөөнөтү 1,5-2 жыл болгон, магистр квалификациясын ыйгаруу менен магистр даражасы тууралуу диплом менен тастыкталган жогорку билимдин базасында окутуунун багыттары:***

- **580200 «Менеджмент»;**
- **Жеке окуу планы «Бизнести башкаруунун магистри».**

**Жалпы орто билим берүү программасы, жалпы орто билим жөнүндө аттестат берүү менен 2 жылдык мөөнөттө чет тилдерин тереңдетилген окутуу системасы боюнча билим берет:**


- **Япон тили;**
- **Корей тили;**
- **Англис тили;**
- **Китай тили;**
- **Немец тили;**
- **Француз тили.**

**Кадрлардын квалификациясын жогорулатуу программасы 12 багыт боюнча октууну жүргүзөт :**

- **Бухгалтердик эсеп жана талдоо; Компьютердик программаларды колдонуу менен бухгалтердик эсеп", "1С: Ишканадагы бухгалтердик эсеп" комплекстүү курсу; Мамлекеттик жана муниципалдык ишмердүүлүктү ченемдик укуктук камсыздоо; Психикалык өзүн-өзү жөнгө салуу; Кеңеш берүүдөгү психоанализ жана психодинамикалык мамиле; Билим берүүдөгү менеджмент; Персоналды башкаруу; HR башкаруу; Маалымат технологиялары; Иш кагаздарын кыргыз тилинде жүргүзүү; орус тили чет тили катары; Педагогикалык чеберчиликти жогорулатуу.**


**2022/2023-окуу жылынын башында студенттердин жалпы саны 822 адам, анын ичинен күндүзгү бөлүмдө 170 адам, күндүзгү-сырттан окуу бөлүмүндө 185 адам, сырттан окуу бөлүмүндө 467 адам.**







**Окуу процессин уюштурууга 54 адам тартылган, анын ичинен 37 адам штаттык жана 19 адам тышкы айкалыштыруу шартында өндүрүштөн чакырылган практиктер. Профессордук-окутуучулук курамдын сапаттык көрсөткүчү 45% ти түзөт.**





# Кадрларды кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу институтунун билим берүү структуралык бөлүмдөрүнүн баштапкы абалы тууралуу маалымат.












# Институттун программаларында угуучулар менен окутуучулардын катнашы




МДККББ программасы



**2021-2022-жылдар аралыгында 1300дөн ашык адам квалификациясын жогорулатуу курстарынан өтүшкөн, анын ичинен 778 адам Ж.Баласагын атындагы КУУдан, 611 адам республиканын башка ЖОЖдорунан жана 6 адам чет мамлекеттердин ЖОЖдорунан.**










**Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н.Жапаровдун «Инсанды руханий-адептик жактан өнүктүрүү жана дене тарбиясы жөнүндө» Жарлыгын ишке ашыруу максатында жана региондор менен байланышты сактоонун алкагында биринчи жолу 2021-2022-окуу жылында аймактык ЖОЖдорго, Ош, Жалал-Абад, Ысык-Көл, Чүй облустарындагы мектептердин окутуучуларынын квалификацияны жогорулатуу курстарын өткөрүп 500дөн ашуун окутуучуга сертификаттарды тапшырды жана 10 ашык кызматташуу боюнча келишимдерди түздү.**

- **Бүгүнкү күндө билим берүү системасын өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары боюнча профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатууну уюштуруу Институттун приоритеттүү багыты болуп эсептелинет.**



**Кыргыз-Тажик чек арасындагы куралдуу кагылышуунун кесепетинен психологиялык жабыр тарктан окуучуларга жана жашоочуларга психикалык колдоо көрсөтүү максатында "Турмуштук оор кырдаалга кабылган адамдарга психологиялык колдоо көрсөтүү" аттуу 72 сааттык курс иштелип чыгып, ал курстан 75тен ашуун социалдык кызматкерлер жана социалдык педагогдор окуучулар, жарандар менен иш алып баруудагы жаңы усулдар, ыкмалар менен таанышып, сапаттуу билим алышты.**

**Билим берүү чөйрөсүндө балдардын жана өспүрүмдөрдүн суициддик журум-турумун алдын алуу боюнча Окуу-методикалык колдонмо иштелип чыгып республиканын орто билим берүү мектептерине таркатылууда.**



# Эл аралык келишимдер жана кызматташуу



- **Институтта жүргүзүлүп жаткан билим беруу программаларын эл аралык денгээлге чыгаруу максатында эл аралык келишимдердин долбоорлору иштелип чыгып, алардын күчүнө кириши үчүн зарыл болгон макулдашуулар жүргүзүлүп 22 келишимдин негизинде кызматташуу иштери жүрүп жатат.**

# Жумуш берүүчү мамлекеттик эмес жана мамлекеттик уюмдар менен кызматташуу



- Окуу процессинде практикалык компонент бүтүрүүчү үчүн олуттуу атаандаштык артыкчылыкка айланганына байланыштуу, Институтта иш берүүчүлөр менен кызматташтыктын барган сайын бекемдеп келет. Институттун жамааты бүтүрүүчүлөргө болгон суроо-талапты анын натыйжалуулугунун эң маанилүү көрсөткүчтөрүнүн бири катары кароо менен 22 уюм менен келишим түзүп , кызматташып келет.


# Жогорку жана башка билим берүүчү уюмдар менен кызматташуу



- Институт билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзгөн уюмдардын ортосундагы байланышты жакшыртуу, бирдиктүү маалыматтык илимий-билим берүү чөйрөсүн жана билим берүү жана илим чөйрөсүндө өнөктөштүктү түзүү, кызматташуунун натыйжалуу формаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу максатында 18 уюм менен кызматташтык тууралуу келишим түзгөн.

# Институттун 2018-2022-жылдарга каржылык аспектисинин анализи:

**2020-2021-окуу жылына салыштырмалуу 2021-2022-окуу жылында билим берүү программалары боюнча окутуу акысынан түшкөн киреше 24 миллион сомдун ордуна 4 миллион 646 миң сомго м.а. 19 миллион 354 миң сомго азайган, бул кирешенин төмөндөшүнө коронавирустук пандемияга байланыштуу карантиндик чаралардын киргизилиши менен кайрылгандардын кескин азайышына байланыштуу. 2022-2023-окуу жылында күтүлгөн киреше 26 миллион 858 миң сомду түзүп, 2020-2021-окуу жылынын көрсөткүчүнөн 2 миллион сомго, 2021-2022-окуу жылынын көрсөткүчүнөн 5,5 миллион сомго жогорулаган.**




**Институтта интернетке туташкан 3 компьютердик класс бар. Компьютерлердин жалпы саны – 84, принтерлер – 19, түстүү принтерлер – 2 (долбоор боюнча), видеопроекторлор – 6 даана (долбоор боюнча 2), телевизор - 2 даана (1 долбоор боюнча), ноутбук - 5 даана, электрондук "акылдуу" доска - 2 даана (1 долбоор боюнча).**




**-ГУГЛ академияда профессордук окутуучулар 28 – катталган; -Автордук жумушчу SPIN коду 18 мугалимде бар, ал жалпы окутуучулардын санынын 60% - түзөт; -6 мугалимде Web of Science эл аралык абстракттуу маалымат базасында автордук жумушчу SPIN коду бар, ал жалпы окутуучулардын санынын 10%-түзөт;**


**2018-2023-жыл аралыгында РИНЦ системасында нөлдүк эмес импакт-фактор менен 99тен ашык илимий эмгектер басылып чыккан, анын ичинен 18 илимий макала ата мекендик илимий журналдарда жана бюллетендерде жарыкка чыккан, 81 илимий макала чет өлкөлүк илимий журналдарда, 31 илимий макала Scopus (Scopus) жана Web of Science эл аралык абстракттуу маалымат базасына кирген журналдарда жарыкка чыккан. Ошону менен бирге 11 окуу пособиялары, 1 монография жана 1 окуу-практикалык пособия басылып чыккан.**



**Кадрларды кесиптик кайра даярдоо программасы боюнча 4 жылдык абитуриенттерди кабыл алуунун анализи көрсөткөндөй, 2021-2022- окуу жылында 2020-2021- окуу жылына салыштырмалуу «Педагогика» багыты боюнча абитуриенттердин саны 30 адамга, «Экономика» багыты боюнча 43 адамга, «Юриспруденция» багыты боюнча 99 адамга көбөйдү.**



# 20 жылдан ашык иш тажрыйбасынын ичинде Институт кадрларды кесиптик кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу рыногунда алдыңкы орундардын бирин ээлеп келет.





# RAXMAT!